| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**АЛАЙ РАЙОНУ**<br>**ГҮЛЧӨ**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ГУЛЬЧИНСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Гүлчө айылдык кеңешинин 8-чакырылыштын депутаттарынын кезексиз**
**6 - отуруму**
**Т О К Т О М**
**№ 6/5**

**2025-жылдын 03-марты** **Гүлчө айылы**

**Алымбек датка көчөсүнүн тургуну Г.Садыкованын үйүнүн фундаментине жана жолго зыян келтирген 2 түп теректи кыйдырууга уруксат берүү боюнча арызы жөнүндө**

Гүлчө айылдык кеңешинин VIII-чакырылыштын кезексиз 6-отуруму. Мыйзамдуулук жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын 20.10.2021-ж. №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 5-пунктуна ылайык **токтом кылат:**

**1.** Алымбек датка көчөсүнүн тургуну Г.Садыковадан үйүнүн фундаментине жана көчөдөгү жолго зыян келтирген 2 түп теректи кыйдырууга уруксат берилсин жана жогорудагы теректерди кыйып алууга уруксат катын Ош облустук айлана-чөйрөнү коргоо башкармалыгынан алып келүү жагы Гүлчө айыл өкмөтүнө тапшырылсын.

**2.** Кабыл алынган токтомдун мыйзам чегинде аткарылышын камсыз кылуу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Тажибаевге жана «Гүлчө коммуналдык чарба» муниципалдык ишканасынын директору Ж. Калдыбаевге милдеттендирилсин.

**3.** Ушул кабыл алынган токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы Мыйзамдуулук, депутаттык этика жана кеңештин иштери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Б. Самиев**